DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Алымкулов А.Т., Момунбаева Н.С.*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АПРЕЛЬ РЕВОЛЮЦИЯСЫНДА ТҮЗҮЛГӨН КЫРДААЛДЫ ТАРЫХЫЙ ЖАКТАН ИЗИЛДӨӨ (7-апрель 2010-ж.)

*Алымкулов А.Т., Момунбаева Н.С.*

# ИСТОРИЧЕСКОЕ ИССЛЕДОВАНИЕ СИТУАЦИИ АПРЕЛЬСКОЙ РЕВОЛЮЦИИ В КЫРГЫЗСТАНЕ (7 апреля 2010 г.)

*A.T. Alymkulov, N.S. Momunbaeva*

# HISTORICAL STUDIES OF THE SITUATION OF THE APRIL REVOLUTION IN KYRGYZSTAN (April 7, 2010)

*УДК: 342.57(572.2)*

*Бул макалада авторлор Кыргызстанда болуп өткөн революциялык кырдаалдарга көңүл бурушкан. Апрель Элдик революциясынан кийин өлкөдөгү абал өзүнүн мамлекеттик туруктуулугун жоготуу коркунучунда калгандай сезилген. Мындай абалды революциянын жүрүшүндөгү эрежелердин бири катары кандайдыр бир убакытка чейинки көрүнүш катары кароого болот. Ушул мезгилде мамлекет өзүнүн ички жана сырткы иммунитетинен ажырап, алсызданып калат. Ошондуктан кылмыштуулук, улут аралык араздашуу сыяктуу кырдаалдар курчуй түшөт. Бул кырдаалдардын кесепети жарандык согуштун чыгып кетишин шарттап, мамлекеттүүлүккө жарака кетирип, анын кулашына коркунуч жаратат. Ошону менен бирге революциядагы пайда болгон чыңалуу адам менен коомдун ортосундагы моралдык, этикалык жана маданий баалуулуктарынан ажыратууга алып келет. Мына ушундай кырдаалдарды эске алып, мамлекетибиздин тынчтык жолунда өсүп-өнүгүсү үчүн буга чейин болуп өткөн 2005-2010-жылдардагы революцияларды кайрадан болтурбоого мамлекеттин башындагы бийлик өкүлдөрү, оппозиция лидерлери жана жарандык коом дагы сабак алышы зарыл.*

***Негизги сөздөр:*** *Апрель революциясы, кырдаал, мамлекет, эгемендүүлүк, фактор, реформа, идеология.*

*В статье авторы анализируют революционные ситуации в Кыргызстане. После Апрельской революции было ощущение, что государство вышло из стабильного состояния, что является закономерным для каждой революции. Это тот момент, когда государство на определенное время теряет свой внутренний и внешний иммунитет. Что ведет к обострению в обществе криминальной ситуации, вызывает межэтническую, региональную напряженность и т.д. Такие факторы создают реальную угрозу гражданской войны, раскола и как следствие распада государства. Революционный невроз также влияет на морально-этические и культурные ценности общества. Кроме этого революция девальвирует человеческую жизнь до предела и она теряет всякую ценность. Поэтому уроки революций 2005 и 2010 годов в Кыргызстане, должны учитывать Правительство, политики, лидеры оппозиционных сил и представители гражданского общества.*

***Ключевые слова:*** *Апрельская революция, ситуация, государство, суверенитет, фактор, реформа, идеология.*

*The article deals with the revolutionary situations in Kyrgyzstan. After the April People's Revolution in our country felt like our state is out of its normal state. It was the rule of every revolution that, for a certain time, takes the country out of statehood. At this moment, the state temporarily loses its external and internal immunity. As a result, the criminal, inter-ethnic, regional situation is becoming more acute. These situations pose a real threat to civil war, division and disintegration of the state. Revolutionary neurosis to the impossible degrades the moral, ethical and cultural values of society. In addition, the revolution devaluates human life to the utmost and it loses all value. In the literal and figurative sense, the revolution suggests access to the streets and squares of various masses. Therefore, the lessons of the revolutions of 2005 and 2010 in Kyrgyzstan should especially prevail in the political memory of the official authorities, leaders of the opposition forces and representatives of civil society.*

***Key word:*** *April revolution, situation, state, sovereignty, factor, reform, ideology*

2020-жылы Апрель Элдик революциясынын жеңген күнүнө туура он жылдын жүзү болот. Кыргызстан өзүнүн эгемендүүлүк мезгилинде мурдагы түптөлүп калган коммунисттик идеологиянын негизинде советтик тоталитардык өлкөдөн базар экономикасына шартташкан, демократиялык башкаруу системасына трансформациялануу менен күн кечирип келет. Бул процесс азыркы мезгилде да аягына чыга элек. Бирок анын жүрүшүн тездетүү максатында мамлекеттибизде бир канча тарыхый окуялар болуп өттү. Мына ушул ылдамдатууга ылайыкталган ыңкылаптар өлкө

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



ичиндеги курч кырдаалды жаратkан. Элдердин ортосундагы түндүк-түштүккө бөлүнүү, этностук араздашуу, коопсуздук ажырымдар абдан күчөгөн. Ушундай түзүлгөн кырдаалдын кесепетинен жарандарыбыздын көпчүлүгү маргиналдашууга кептелди [1].

2010-жылы 7-апрелде К.Бакиевдин үй-бүлөлүк, кландык, авторитардык режимине, коррупциянын күчөшүнө каршы мамлекетибизде кан төгүлүүгө алып барган элдик көтөрүлүш болуп, анын натыйжасында мыйзамсыз башкаруу бийлиги биротоло токтогон. Коомчулуктун кыжырдануусун жараткан бийликтин ыпылас иштерине нааразыланган эл саясий системаны түп тамырынан бери өзгөртүү максатында революциялык жолду тандаган. Элибиз көтөрүлүшкө коомду өзгөртүүнү каалап чыккан десек жаңылышпайбыз. Элдин үмүт-тилеги менен ишке ашырылган Элдик көтөрүлүш демократияга негизделген жаңы доорду курууга карай кадам таштаган.

2010-жылдагы революциясына тарыхый өңүттө баа берүү азыркы учурдагы актуалдуу маселелердин бири. Коомчулук өткөндөгүдөн сабак алып, өлкөнүн туруктуу өнүгүшүнө карай багыт алуусу зарыл. Ошону менен бирге мамлекеттин өнүгүшү үчүн стабилдүүлүктү сактоо абдан маанилүү.

2010-жыл 7-апрелдеги революцияга чейин бир канча элдик нааразычылыктын негизинде 2002, 2005-жылдардагы окуялар болуп өткөн. Биз ошол окуялардан сабак ала алган жокпуз. Ошондуктан апрель революциясынын келип чыгышын шарттаганбыз десек жаңылыштуу болбос. Аксы окуясы, март окуясынын келип чыгышына өбөлгө түзсө, март окуясы өз кезегинде апрель революциясына түрткү болгон. Демек, бийлик элдин үнүн угуп, кандай маселелер жаралып жатканына көңүл бурган эмес. Эгерде мамлекет тарабынан карапайым элдин талабын орундатып, жаралган көйгөйлөрдү жеринен чечип турганда, коомчулукта чыңалуу, жарылуу болбойт эле. Айрыкча чоң жарылуу апрелдеги элдик көтөрүлүштө болуп, жүздөгөн жарандарыбыздын өмүрлөрүн алып кетти. Мындай жоготуу элдин элесинде көптөгөн мезгилдер бою сакталып калышы бул тарыхый чындык. Бирок, ошондогу элдин талабы аткарылып, көкөйдү кескен көйгөйлөр чечилдиби деген суроо жаралып, жоопсуз калып келет. Ушундан улам өлкөдө кандай гана окуялар болбосун андагы негизги маселелерди карап, келип чыгуу себептерин аныктап, тарыхый жактан талдоолорду жүргүзүп, анын сабактарын окуп үйрөнүү зарыл.

Революциялык кырдаалдын келип чыгышы кыска мезгилдин ичинде пайда болгон процесстерге байланыштуу. Дүйнө элдеринде болуп өткөн революциялар жана андагы түзүлгөн кырдаалды окумуштуулар изилдөөгө алып, өздөрүнүн тыянактарын чыгарып келишкен. Алардын ичинен марксизм-ленинизм окуусунун өкүлдөрү тарабынан чыгарылган тыянактарды тарыхчылар, саясатчылар кабыл алышкан. Революциялык кырдаал тууралуу түшүнүктөрдө анын “классикалык” жана “жибек революциясы” деген аталыштары бар. Алар ич ара өздөрүнчө үч белгини камтып келет. Бул белгилерди төмөндөгүдөй бөлүп кароого болот:

1. “Төмөнкүлөрдүн” мурункудай жашай албай, ал эми “жогоркулардын” мурункудай башкара албай калышы;

2. Эл массасынын жакырдануусунун адаттан тыш төмөндөп кетиши жана алардын бийликке болгон нааразычылыгынын укмуштуудай күчөшү;

3. Эл арасындагы оппозициячыл күчтөрдүн активдүүлүгүнүн жогорулашы жана бийликтин аларга карата болгон репрессиясынын катаалданышы.

Жогоруда айтылган белгилер биригип келип, революциялык кырдаалды шарттайт. Ошентип пайда болгон себептер чыңалууга жетип, түздөн-түз революциянын жүрүшүнө алып келет. Ал эми анын шылтоосу болуп, революциялык акт башталат. Революция кандайдыр бир деңгээлде өз ишин аяктаганда, анын келип чыгышын кокустук, бийликтин кетирген кемчилиги же сырткы күчтөрдүн тийгизген таасири деп караган учурлар көп эле болгон. Чындыгында, революциялардын көпчүлүгүндө тышкы факторлор өз таасирин тийгизип, бирок ички фактор негизги чечүүчү ролду ойногон.

Жибек революциясынын жүрүшүндө мамлекеттин саясий багытын эч кандай согушсуз эле саясатты, идеологияны, аң-сезимди өзгөртүү аркылуу чечкиндүү реформалар менен өнүгүүгө жетишүү болуп саналат. Мындай теорияны Италия коммунистик партиясынын негиздөөчүсү А.Грамши изилдеп чыккан [2]. Анын теориясынын негизи бийлик менен жарандардын ортосундагы бир пикирге келишүүсү “маданияттын гегемондуулугу” деп аталып, ал “жибек революциясы” аркылуу максатына жетет. Бул окумуштуунун ишин улантkандардын бири Дж.Шарптын “От диктатуры к демократии. Концептуальные основы освобождения” деген эмгеги жарык көргөн [3].

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан тартып эле мамлекетти башкаруунун авторитардык-кландык системасы бекем орноп, парламенттик республиканы куруу маселелери четте калган. Ушундан улам элдин бийлик менен карама-каршылашуусу адатка айланган. Мындайча айтканда эл чыдамы түгөнгөндө бийликти кетирүүгө мажбур болушуп, кайра эле бийлик башына келгендер баштапкылардын түптөп кеткен жолуна түшө берген. Ал эми үй-бүлөлүк-кландык

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



башкаруу партиялык-өзүмчүл системанын түзүлүшүн шарттаган. Бул болсо жарандардын укуктарынын чектелишине, кысымга кабылышына өбөлгө түзгөн. Ушул жагдай революциялык кырдаалдын пайда болушуна жана курчушуна алып келген десек туура болчудай. Кыргызстандагы коррупциянын гүлдөшүнө дагы кепилдик болгон так ушул система экендиги талашсыз факт.

Кыргыз өлкөсү коррупция боюнча башка мамлекеттерге караганда эң коррупциялашкан өлкөлөрдүн катарына кирет. Бардык тармактардагы тамыр алган коррупция экономикалык өсүшкө өз кедергисин тийгизип келет. Ушундан улам киреше булактарындагы теңсиздик мамлекетибизге инвестициянын келишине тоскоолдукту жараткан. Коррупциянын башталышы катары кумтөрдөгү алтын кенин иштетүү болуп саналат.

СССРдин ыдырашында бир канча мамлекеттер өз алдынча эгемендүүлүгүнө ээ болушкан. Окумуштуу изилдөөчүлөр Турсунова Э.Т., Б.С. Назарбаева өз эмгектеринде СССРдин кулашын мындайча белгилейт: "Чындыгында эле СССРдин таркашы, эгемендүү Кыргызстандын алгачкы жылдары, жаш өлкө катары бутуна туруусу үчүн "базар экономикасы", "жеке менчик" системаларынын киргизилиши эл массасынын жакырданышына алып келген" [4]. Анын кулашы менен эгемендүүлүктүн орношуна чейинки мезгилде жүрүп келген процесс жалпы түрдө "жибек революциялары" деп аталган. Бул революция өз максатына жетпей калган учурда анын уландысы катарында "түстүү революциялар" пайда болот. Мисал катары айтып кетсек, 2003-2005-жылдардагы Грузиядагы "роза", ал эми Украинада "малакай", Кыргызстанда "жоогазын" [5] аталышы эсептелет. Ошондой эле Асылбек кызы Гульмиранын изилдөөсүндө түстүү революциялар тууралуу мындайча пикир жазылат: "Под определение "цветные" попадают две кыргызские революции, прошедшие в марте 2005-года и апреле 2010 года" [6].

СССР кулап, эгемендүүлүктү алганыбыз менен өлкөнүн экономикасын алдыга жылдырып кете албай, мамлекеттин байлыгын туура эмес пайдаланып, жыйынтыгында экономикалык каатчылыкка кабылып калдык. Мамлекттик менчикти толугу менен жоюу иштери туура эмес жүргүзүлүп калгандыктан ал дагы өлкө үчүн кедергисин тийгизген. Ар кандай жолдор менен менчиктин башка формаларына өткөрүп жиберүү – бул мамлекетти экономикалык базадан ажыратууга алып барган [6]. Колхоздук-совхоздук системанын кулашы менен өндүрүшкө тартылбаган адамдардын саны көбөйүп, алар шаарларга агылып келип, жумушсуздардын катарын толукташкан. Жумушсуздук миңдеген адамдарды жакырчылыкка туш кылып, кылмыштуулуктун, наркоманиянын өсүшүнө, диний жана экстремисттик топтордун пайда болушуна алып келген. Ошондуктан өлкө алсызданып, ички жана тышкы күчтөрдөн көз каранды болуп кала берген. Ушунун кесепетинен мамлекеттеги ири жана орто ишканалар банкроттук абалга жетип, андан ары арзан баада сатылып кеткен. Арзан баада сатылуулар Кыргызстанда коорупциялашкан чиновниктер жана алардын жакындары түзгөн, жаңы «саясий элитаны» жаратты десек жаңылышпайбыз. Бул «саясий элита» элге тиешелүү болгон, мамлекеттин байлыгын талаптоноп жана менчиктештирип алды. Ошентип ушундай жол менен түзүлгөн элита өзүнүн жеке баюусуна багытталган кызыкчылыктары менен коомдун эң бай катмарына айланды. Ал эми эч нерсеге ээ боло албаган карапайым калк түптөлгөн саясий элитага көз каранды болуп калган. Азыркы мезгилде коррупция менен криминал каптаган өлкөгө айланып калганыбыз эч кимге деле жаңылык эмес. Мамлекетти ушундай абалдан алып чыгуу азыркы саясий системанын колунан келбей, коомчулуктун нааразы болуусу менен гана күн кечирип жатабыз.

Кыргызстанда түптөлүп калган жана мындай түзүлгөн кырдаалдын негизги себеби, экономикалык өсүштү ойлобогон, жеке кызыкчылыкты көздөгөн саясат чоң роль ойноп калгандыгында. Өлкөнүн экономикалык өсүшүн кыйратуучу «көмүскө» экономика үстөмдүк кылып, наркотика, контрабанда сыяктуу кир акчалардын айланып туруусуна туруктуу финансылык схема түзүлгөн. Кыргыз мамлекетинде жаралган опурталдуу маселелердин таасири "революция" деп аталган эки жолку окуяны шарттаган. 2005- 2010-жылдардагы революциялардын максаты болгон коомчулуктун түп тамырынан бери өзгөрүүсү али да ишке аша элек. Демек, Кыргызстандын саясий багытында анын өнүгүшү үчүн дагы кандай окуялар күтүлүп жаткандыгы белгисиз [7].

7-апрель Элдик революциясы жеңгенден кийин өлкөдөгү түзүлгөн оор кырдаалды жөнгө салуу үчүн чукул убакыт ичинде Убактылуу Өкмөт түзүлгөн. Ал эми анын башында туруп, жетекчилик кылуу милдети Р. Отунбаевага жүктөлгөн. Чындыгында, ошол опурталдуу учурду жөнгө салуу аял затына абдан эле оор болчу. Бул өкмөттүн курамы түзүлүп, анын жоопкерчиликтүү милдеттерин А. Атамбаев, Т. Сариев, Ө. Текебаев, А. Бекназаров, И. Өмүркулов ж.б. аткарган. Жаңыдан гана калыптанган Өкмөт өз ишин баштап, аймактардагы өкүлчүлүктөргө элдик губернаторлор шайланган. Мамлекеттин жаркын келечеги үчүн жанын кыйган эр-азаматтарды акыркы сапарга узатуу зыйнатын 10-апрель күнү өткөрүшүп, аларды Ата-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Бейитте түбөлүк жайына беришти. Элдик баатырларын узатып жатып Р.Отунбаева: "Апрель революциясынын баатырларына таазим этип, аларга түбөлүк даңк!" - деп баса белгилеп кетти. Ошол мезгилдеги премьер-министр А.Ш. Атамбаев: "…Элдин жаркын келечеги үчүн өлүмдөн жалтанбай чыккан жигиттер баатырларча курман болушту. Алар мамлекетти сактап калуу менен бирге демократияга карай жол ачып кетишти…" деген сөзүн айтты. Жогорку кеңештин төрагасы А.Келдибеков: "7-апрель өлкөнүн соңку жаңы тарыхында демократия жолуна түшкөн жаңы Кыргызстандын түптөлүү күнү, улуу бурулуш учуру катары кала берет. Ушундай баатырларды тарбиялаган ата-энелерге миң мертебе алкыш айтып, башты ийип таазим кылабыз.." - деп билдирди. Жалпы кыргыз журтчулугу аза күтүп, элдик баатырларыбызды акыркы сапарына узатып, жакындары кан жутуп кала берди. Мындай кара күндү түшүрүп, элдин шоруна калган К.Бакиев 11-апрель күнү өзү туулуп өскөн Тейитке кол топтоо максатында барып, өлкөдөгү оор кырдаалды ого бетер курчуткан. Бирок өз жеринен колдоо таппай, кайрадан кагылышуу орун алган. Ошондо гана мамлекеттен чыгып кетпесе болбой калгандыгына көзү жетти. Ал өлкөдөн чыгып кеткенден кийин акырындап кырдаал жөнгө салына баштаган. К.Бакиевдин режими Апрель революциясынын натыйжасында кулап, Президент катары расмий ыйгарым укуктарын тапшыруу тууралуу арызын берген.

Убактылуу Өкмөттүн жетекчисинин орун басары А.Атамбаев 14-апрель күнү Россиянын премьер-министри В.В. Путин менен сүйлөшүүнү жүргүзгөн. Мамлекетибизде революциядан кийинки абал оорлоп, каржылык каатчылык өкүм сүргөн. Мына ушундан улам орусиядан каржы жагынан колдоо алуу керек болгон. Эки өлкөнүн сүйлөшүүсүндө Кыргызстанга каржылык жардам көрсөтүү маселеси каралып, оңунан чечилген.

Жыйынтыктап айтканда, 2010-жылдагы Апрель революциясында кандай гана оор кырдаал жаралбасын, кыргыз эли мамлекеттин бүтүндүгү, эркиндиги, адилеттүүлүгү үчүн жанын аябай тургандыгын далилдеди. Ошондой эле өлкөбүздүн тынчтыгын сактап, туруктуулгун, демократиялык жолдо өнүгүшүн камсыз кылууда жарандарыбыз зор салымын кошту. Мамлекетбизде болуп өткөн революциялар Кыргызстандын жаңы тарыхында жазылып, мамлекеттин, элдин биримдигин сактаган элдик баатырлардын ысымдары түбөлүккө эл эсинде кала берет.

**Адабияттар:**

1. Яценко Н.Е. Толковый словарь обществоведческих терминов. - 1999.
2. Грамши А. Тюремные тетради. в 3 ч. Под общей ред. М.Н. Грецкого, Л.А. Никитич; Вступ. ст. М.Н. Грецкого; Перевод с итал. Г.П. Смирнова и др. - М.: Политиздат, 1991. - 560 с.
3. Шарп Дж. От диктатуры к демократии. - М.: Новое издательство, 2005. - 84 с.
4. Турсунова Э.Т., Назарбаева Б.С. 2002-жылдагы Аксы окуясынын экономикалык себептеринин басма сөздө чагылдырылышы // Наука и новые технологии. - №4, 2016. - 135-б.
5. Кененсариев Т. Кыргыз ыңкылаптарын изилдөөгө жана тарыхый жактан баалоого карата // Доор жаңырткан ыңкылаптар // Тарых жана мурас түрмөгү. - Бишкек, 2015. - 189.
6. Асылбек кызы Гульмира. Предпосылки возникновения и социально-экономические последствия Апрельской революции 2010 года в Кыргызстане. // Известия вузов Кыргызстана, №4. - 2013. - 235-б.
7. Автордун талаа маалыматтары. - Б., 2011.